# Бел боо күрөшү



Автор: Хадича Шамбеталиева, Тахмина Тыныбек кызы

Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

# Бел боо күрөшү

Автор: Хадича Шамбеталиева, Тахмина Тыныбек кызы
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2023

Copyright © 2023, Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Бел боо күрөшү" (кыргыз тилинде), автор Хадича Шамбеталиева, Тахмина Тыныбек кызы, сүрөтчү Эржан Токтогулов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Атам мени бүгүн Спорт ордосуна алып келди.

– Бүгүн биз кызык оюн көрөбүз, – деди мени карап.

– Ал кандай оюн?

– Башталганда көрөсүң, – деп табышмактуу жооп берип койду.

Калыстын ышкырыгы угулду. Ак кийимчен, бири белинекызыл, экинчиси көк кур тагынган эки балбан ортого чыгышты.Каршылаштар бири-бири менен учурашты. Андан кийинбелдеги боолорунан эки ороп, бекем кармашты.

Оюн күйөрмандардын кыйкырык-сүрөөнү менен башталды.



Күрөш башталганда эле телефонумду алдым да, кулагыма кулакчын салып, ПАБЖ оюнума кириштим. Виртуалдык оюндун кийинки деңгээлине өтөрүмдө, көрүүчүлөр колдорун көтөрүп, тура калышты. Мен таң калганымдан кулакчынды ала салып, эки жакты элеңдеп карап калдым.

– Белиңе тарт, белиңе!

– Колуңду чыгарба! Та-а-арт!

– Көтөр! Көтөр! Ча-а-ап! Ии-ий!

– Азама-а-ат! – деп көрүүчүлөр балбандарды сүрөп,


кыйкырып жатышты.



Эң кызыгы, кыйкырып жаткан күйөрмандардын арасында кыздар да бар экен. Алардын да күрөштү көргөнү келгендерине таң калдым.

– Ата, кыздар да келиптир го?

– Кыздардын да күрөшү бар. Ал оюндун эрежеси башкача болот. Бел боо күрөшүнө жалаң гана эркектер катышат, – деди атам.



Ар тараптан кыйкырык-сүрөөн чыгып жатты.

– Эмне болду ата? – дедим телефонумду коё коюп.

– Биз жеңдик! Карабайсыңбы, таза жеңиш болду!

Залда отургандардын жарымы ыраазы болуп, кол чаап да жиберишти.

– Оюндун аты кандай эле? Аябай кызыктуу оюн болуп жатат го, ээ? – деп мен атама кайрылдым.

– Бел боо күрөшү, мурда «Лейлек күрөшү» деп аталчу.

– Ии-ий, оюндун кызыгы эми башталат! Былтыр жеңишке жеткен балбандар чыгышты, – деди атам кийинки чыккан балбандарды карап.



Мен телефонумду өчүрдүм да, күрөштү жакшылап көрөйүн деп чечтим.

– Ата, оюндун эрежелери кандай? – дедим шыбырап.

– И-ии, кызык бекен?

– Ооба, баарыңар эле улам кыйкырып, сүрөп жатсаңар, кызыгып кеттим да, – дедим күлүп.

– Негизги эрежеси, балбандар бири-бирин чалбай, түртпөй күрөшүүсү керек.

– Аа, тиги көк кур тагынган балбан кызыл курчанды килемден түртүп чыгарып салды го. Эми эмне болот?

– Ага эскертүү берилет. Түрткөнгө болбойт. Эң негизгиси, атаандашын көтөрүп, далысын жерге тийгизиши керек.



– Башында тизеси килемге тийсе же колу бел боодон чыгып кетсе эле утулду деп эсептелчү. Кийин ал эрежелерди алып салганы жакшы болбодубу, – деди атамдын жанында отурган мурутчан аксакал.

– Ооба, былтыркы оюнда бир балбан бел курду ушундай катуу кармаптыр дейсиң, колу канап кетпеди беле?

Мен күрөшкө кучтүү, шамдагай балдар гана катыша аларын эми түшүндүм.

Балбандар тирешип көпкө туруп калышты. Чарчап калышканы да көрүнүп турду.

–Минтип тура берген да болбойт. Беш мүнөттө таза жеңиш болбосо, көп упай топтогон балбанга жеңишти ыйгарып коёт, – деди мурутчан аксакал мени карап.

– Кызык оюн экен, ээ. Бул оюнду ким тапты эле?



– 1970-жылдары борбордо окуган лейлектик студенттер баштаган. Ошондон кийин эл арасында “Лейлек күрөшү” деген аталышы менен жайылып кеткен. А бүгүн өлкө чемпиондугу уюштурулуп, «бел боо күрөш» деп өзгөрүлдү. Аксакал айткандай, оюндун эрежеси жылдан жылга жаңыланып дагы жатпайбы. Эми бул улуттук классикалык күрөш болуп калды, – деди атам мага кайрылып.

– Эл арасында «алыш» деп дагы айтып жүрүшөт, – деди мурутчан аксакал сөзүбүзгө кошулуп.

Атам башын ийкеп, кайрадан күрөшкө көңүл буруп, оюнга берилип кетти.

– Карасаңыз, ата! Көк курчаны тизелеп калды го. Ошондо ал утулган болобу?

– Жо-ок, таза жеңиш үчүн балбандар дагы аракеттенишет.

Кайтарма, жамбашка салуу, тизе  ыкмаларын колдонушат.



– Тээтиги жамбашка салып жатканы утуп жатабы?

– Ооба!

– Чап-чап!

Атам экөөбүз чогуу ордубуздан тура калдык. Зал бир секундага тымтырс боло калып, анан элдин баары «дуу» дей түштү. Кээ бирөөлөрү кол чаап жиберди.

– Оо-оп бал-ли!

– Азамат!! Мына ушуну бел боо күрөш деп айтса болот!

Сүйүнгөнүнөн атам жаныбыздагы мурутчан аксакалды кучактап калды.



Мен дагы толкундандана:

– Ата, мага бул спорттун түрү абдан жагып калды! Чыныгы балбандар күч сынашат тура, – дедим.

– Ооба, туура баамдапсың, балам. Сени бул жакка алып келгеним жакшы болгон турбайбы.

Атам экөөбүз бүгүнкү кызыктуу оюнга ыраазы болуп, үйгө жеткенче талкуулап бардык.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Хадича Шамбеталиева,
Тахмина Тыныбек кызы
Сүрөтчү: Эржан Токтогулов

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли